УДК: 947(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-352-356

**Элеманова Р.Т.**
изденүүчү
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
rimmaelemanova@mail.ru

## ЧҮЙ ОБЛУСУНУН СОЦИАЛДЫК АБАЛЫ (1991-2000-ЖЖ.)

**Аннотация:** Чүй өрөөнүндө совет мезгили учурунда эле чакан фабрикалар, майда гидростанциялар, заводдор жана башка майда ишканалар өлкөнүн экономикасынын өсүшүнө өз салымын кошуп келген. Жергиликтүү калктын социалдык турмушу жакшырып, бара-бара өрөөн ишканаларга бай облуска айланды. Чүй облусунун аймагында алгачкы жолу билим берүүчү жайлар, мектептер, саламаттыкты сактоо борборлору жана маданий борборлордо элдин сабатсыздыгы жоюлуп, калктын саламаттыгын тейлөө мекемелери иштеп баштаган. Бара-бара Чүй облусунун өндүрүшү мамлекеттин өзөгүн түзгөн экономикалык кубатын алдыга сүйрөп, социалдык турмушун чыңдап келди. Бирок, 1991-жылдан баштап өлкөдө рыкон экономикасы баарын өзөртү.

**Негизги сөздөр:** тарыхнаама, Кыргыз Республикасынын тарыхы, социалдык, маданий, экономикалык, аймак таануу.

**Элеманова Р.Т.**
соискатель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
rimmaelemanova@mail.ru

## СОЦИАЛЬНОЕ ПОЛОЖЕНИЕ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ (1991-2000 гг.)

**Аннотация:** В Чуйской долине еще в советский период небольшие фабрики, малые гидроэлектростанции, заводы и другие мелкие предприятия вносили свой вклад в развитии экономику страны. Улучишлось социальная жизнь местного населения и постепенно регион стала областью богатыми предприятиями. В Чуйской области впервые начали работать школы, медицинские учреждения, дома культуры, учебные заведения, постепенно ликвидирована неграмотность. Производство Чуйской области выдвигало вперед экономоическую мощь, которая составляет основу государства, в том числе укрепяло его социальную жизнь. Однако с 1991 года переход к рыночной экономике всё изменилось.

**Ключевые слова:** историография, история Кыргызской Республики, социальные, культурные, экономические, региональные исследования.

**Elemanova R.T.**
Applicant
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
rimmaelemanova@mail.ru

## SOCIAL SITUATION OF CHUI REGION (1991-2000)

**Abstract:** In the Soviet period, the Chui region had small factories, hydroelectric power stations, factories, and other small enterprises that contributed to the development of the country's economy. The social life of the local population improved and gradually the region became an area rich in enterprises. In the Chui region, schools, medical institutions, cultural centers, and educational institutions began to operate for the first time, and illiteracy was gradually eliminated. The production of the Chui region brought forward the economic power that forms the basis of the state, including strengthening its social life. However, since 1991, the transition to a market economy has changed everything.

**Keywords:** historiography, history of the Kyrgyz Republic, social, cultural, economic, regional studies.

Кыргыз Республикасы 1991-жылы 31-августа “Көз карандысыздыгы жөнүндө” декларацияны кабыл алып, эркин, эгемен жана көз карандысыз мамлекет катары дүйнөгө таанылды. Өлкөнүн экономикасы жаңы багыт болгон рынок системасына өттү.

Кыргыз Республикасынын административдик аймактарынын бири болгон Чүй облусу башка аймактардай эле совет мезгилинде 1936-жылдын 21-ноябрында СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен Фрунзе аталышындагы облус болуп түзүлүп, кийин 1959-жылы аты Чүй облусуна которулган, ошол күдөн тарта азыркы күнгө чейин Чүй облусу деп аталып келүүдө [1, 264-б.].

Өлкөбүз Эгемендүү Кыргызстан болушу менен бирге Чүй өрөөнүнүн социалдык жактан абалы өнүгүүнү талап кылып турду. Ошентсе да. окумуштуулар белгилегендей, Кыргыз Республикасынын өнүккөн региондорунун категориясына кирген Чүй облусу, региондордун арасынан алдыңкы катарда турат дегенибиз [2, 85-б.] рынок экономикасына өтүү менен бирге республикадагы жумушсуз калктын көбү жумуш издеп борборго жана борборго жакын жайгашкан Чүй аймагына агылып келе баштаган. Ошол жумушсуздардын басымдуу көпчүлүгүн айылда жашагандар же айылдан шаарга келген кыргыз жаштары түзгөн. 90-жылдарда, Чүй өрөөнүнүн калкынын экономикалык абалы начарлап, ал кесепет социалдык абалды начарлаткан. Жумушсуздуктун айынан ички жана тышкы миграциянын күчөшү байкалган. Эмгеке жарамдуу адамдардын ичинен атайын каттоодон өткөн жумушсуздардын саны миңдеп саналса, ал эми салыштырмалуу 2002-ж.эсеби боюнча облуста 9,4 миң адамды түзгөн[5].

Облустагы майда жана чакан ишканалардын болушу, ири жана кичи базарлардын уюшулгандыгы өлкөнүн калкын убактылуу иш менен камсыз кылууда чоң роль ойнойт. Коомдун жаңы катмары “коммерсанттар”,“челнокчулор”, “бизнесмендер” пайда болду. Калктын эмгекке жарамдуу катмары атайын кызмат ордуларында эмес базарларда, көчөөлөрдө соода кылышкан. Өлкөдө көпчүлүк жумуш орундарынын жоктугу, ишке жарамдуу адамдардын жумушсуз жүрүшү өтө кечиримсиз көрүнүштөрдүн бири болгон.

Өлкөнүн экономикасын кайрадан башынан баштап түптөөгө карай жол болуп майда чакан базарладын иштеши, менчик ишканалар кризистен чыгууга бөгөт болгонун аз да болсо жумуш орундарын пайда кылгандыгын билебиз. 1990-жылдардагы өткөөл мезгилдеги өлкөнүн экономикасы кыйрап, совет мезгилинде иштеп келген мамлекеттик завод-фабрикалардын кыйла бардыгы менчиктештирилип акыры жок болуу коркунучу туулду. Административдик-командалык экономиканы өткөөл мезгилдин рынок экономикасы алмаштырып, коомдо жеке менчик институту аттуу түшүнүк бекемделди. Жер тилкелери

үлүштүк негизде, жергиликтүү бийликтер аркылуу элге түбөлүктүү менчик иретинде бөлүштүрүлүп берилип, аймактардагы айыл-кыштактарда дыйкан чарбалары уюштурулду. Калктын калың катмары өз жер үлүштөрүн өзүлөрү иштетип, айрымдары жеке ишкерлик, орто жана кичи бизнестерди түптөштү. Совет мезгилинде тыйууга алынган жеке бизнес чөйрөсү жанданып, эл өз алдынча жан багууга өттү. Албетте, калк мындай өзгөрүүгө даяр эмес эле. Себеби, совет бийлиги түзгөн амирчилик-буйрукчул экономика рынок экономикасынын мыйзамдарына таптакыр карама-каршы болгон.

Ал эми ар бир өлкөнүн экономкасынын негизиги өзөгү болуп айыл чарба өндүрүшү саналат, дал ошол айыл чарбасы өнүккөндө гана өлкөнүн экономикасы өсүп, калктын социалдык абалы да жакшырып материалдык абалы өсөт. Кыргызстандын эл чабасынын негизин айыл чарбасы түзгөндүктөн, өндүрүштүн бул тармагынын алдыга жылышы, калктын социалдык маселелеринин чечилиши менен тыгыз байланыштуу [3, 5-б.].

Негизинен, Чүй облусунун тармактары болуп: өнөр жайлар, чакан жана орто ишканалар, пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергиясын иштетүү, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), таза суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу тармактары эсептелет. Минералдык-чийки зат базасы болгон: табийгый кум, гранулдар, гранит, кумташ, кен жана алтындуу концентраттарды иштетүүчү ишканалардын болушу аймак эмес өлкөнүн экономикасына пайдалуу жагдайды жараткандыгы баа жеткис болуп саналат. Чакан жана орто ишканалардын санын эсепке алсак Чүй облусунда: 1564-чакан ишканалар, 115-орто ишканалар, 10600-чакан ишканалардын кызматкерлеринин саны, 6500-орто ишканалардын кызматкерлеринин саны. Ал эми Чүй облусунун импортунун саны-823,4 млн.(АКШ) доллары болсо, экспортунун саны-217,9 млн.(АКШ) долларды түзгөн. Облуста 3 шаар (Кара-Балта, Токмок, Кант), облустун маанидеги 1 шаар – Токмок, райондук маанидеги 6 шаар бар – Кара-Балта, Шопоков, Кант, Кемин, Орловка, Кайыңды. Облуста 8 райондун Аламүдүн, Жайыл, Кемин, Москва, Панфилов, Сокулук, Чүй, Ысык-Ата 8 административдик борборлор бар Лебединовка, Кара-Балта, Кемин, Беловодское, Каинды, Сокулук, Токмок шаары, Кант шаары. Облуста 105 айыл өкмөтү, 327 айыл. Аянты 20,2 мин км$^2$. Туруктуу калкынын саны – 959,8 миң адам же КРнын 10% ын түзөт [4].

Чүй облусунда жалпысынан үч (3) шаар бар алар: Кара-Балта, Токмок, Кант, облустук маанидеги бир шаар болуп – Токмок шаары эсептелет, райондук маанидеги шаарлардын саны алты (6) – Кара-Балта, Шопоков, Кант, Кемин, Орловка, Кайыңды. Ал эми жалпы райондордун саны болсо – сегиз (8). Аламүдүн, Жайыл, Кемин, Москва, Панфилов, Сокулук, Чүй, Ысык-Ата жана ошондой эле сегиз (8) административдик борборлор бар Лебединовка, Кара-Балта, Кемин, Беловодское, Каинды, Сокулук, Токмок шаары, Кант шаары [1]. Азыркы тапта облуста 105 айыл өкмөтү, 327 айыл. Аянты 20,2 мин км$^2$. Туруктуу калкынын саны – 959,8 миң адам же КРнын 10% ын түзөт. Чүй облусу көп улуттуу калк жашаган аймак болуп эсептелинет. Курмында: кыргыздар (46,3%), орустар (29,6%), казактар (2,3%), дуңгандар (6,2%), украиндер (2,8%), өзбектер (1,9%), уйгурлар (1,9%), немистер (1,4%), калган улуттар (7,6%) түзөт. Ушундай көп улуттуу аймактын социалдык маселелеринин түйүнүн чечүү үчүн аймактын калкын иш менен камсыз кылуу, алардын улутуна, социалдык абалына карабай мамилелерди чыңдоо, мүмкүнчүлүгү чектелген катмарларды да ишкердүүлүк менен алектендирүү учурдун талабы болууда[6].

Чүй облусунун социалдык абалы жогоруда көрсөткөндөй, экономикалык өнүгүүдөн көз каранды болуп саналат. Өлкөдөгү билим берүү, саламаттыкты сактоо, туризм, байланыш

тармагы экономикалык жакшырууга муктаж. Кайсы бир кезиккен тармактын мүчүлүштүктөрүн өңдөө, түздөө маселеси келип чыкса албетте финансалык колдоо эң биринчи көйгөй болуп саналат.

Билим берүү тармагы боюнча карасак, Чүй облусунун Аламүдүн районунда – 37 мектеп, Ысык-Ата районунда – 47, Жайыл районунда – 39, Кемин районунда – 29, Москва – 33, Панфилов районунда – 25, Сокулук районунда – 49, Чүй районунда – 28, Токмок шаарында – 13. Баардыгы болуп облус боюнча 300 жалпы билим берүүчү мектептер бар [7]. Андан сырткаары Чүй облусундагы жогорку окуу жайлардын саны элүүгө (50) жетет.

Чүй облусу боюнча амбулаториалык-поликлиникалык мекемелердин санын карасак, 2017-жылга карата 198 болсо, 2021-жылы 102ни түзгөн. Ооруканалардагы орундардын сандары 50нү түзөт [8].

Ал эми облустун экономикасына чоң салым кошкон тармактардын бири туризм жаатын алганда, байыркы Суяб шаары, Бурана мунарасы тарыхый жерлер болуп саналат. “Төө Ашуу” лыжа тебүү базасы, Ала-Арча улуттук паркы, Кегети капчыгайы, Конорчек каньондору, Чункучак тоо лыжа базасы ж.б. көөз, тарыхый, эс алуучу жайлар облустун туризм тармагын өнүктүрө турган негизги багыттары катары эсептелет [9]. Туриситтерди тейлөө жаатында мейманканалардын, конок үйлөрдүн болушу, ресторан, кафелердин сервиси жогорку денгээлде болушу чет элдик жана жергиликтүү туристтердин үзгүлтүксүз келишине шарт түзөөрү шексиз. Чүй облусунда жайгашкан курорттук-санаториялар, улуттук парктар, ыйык жайлар ар бир инсанды өзүнө тартат [10]. Кыргызстандын келечектеги экономикасы өнүккөн, социалдык денгээли жогору болушу үчүн региондордун өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу десек жаңылышпайбыз, өлкөбүздүн облустарынын экономикалык абалы, социалдык жашоосу канчалык жогору болсо республикабыздын экономикасы жана социалдык өнүгүшүнүн көрсөткүчү жогорулайт деген ойдобуз.

Ал эми Чүй облусун – касиеттүү жер деп толук айтууга болот. Себеби, касиеттүү жер касиеттүү инсандарды жаратат дегендей, Чүй облусунан чыккан не деген таланттуу, акылман, чыгармачыл, мекенчил инсандарды билебиз. Кыргыз искусствосун союздук жана дүйнөлүк аренада тааныткандар, кыргыз жазма адабиятынын атасы аталган Социалисттик эмгектин баатыры, академик Аалы Токомбаев, гений талант Алыкул Осмонов, Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты Кубанычбек Маликов, Токтоболот Абдымомунов, Мукаш Абдраев, Насыр Давлесов, Жалил Садыков. СССР элдеринин артисттери: Абдылас Малдыбаев, Сайра Кийизбаева, Бүбүсара Бейшеналиева, Бакен Кыдыкеева, Даркүль Күйүкова, Асанкан Жумакматов, Сүймөнкул Чокморов, Самарбүбү Токтакунова, Кайыргуль Сартбаевалар менен учурда биз толук сыймыктана алабыз. Келечек муун үчүн бул инсандар үлгү катары кала берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**


1. “Кыргыз Тарыхы: кыскача энциклопедиялык окуу куралы. Бишкек, 2003” – 285 б.
2. Рыспаева Н. С., Кожоянова С. А. / Вестник КНУ № 2(98), 2019, – 166 б.
3. Осмонов, Ө.Ж. Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу [Текст] / Ө.Ж. Осмонов. – Бишкек. 1994. – 288 б.
4. Рыспаева Н.С. Качественная и количественная оценка комерческой деятельности региона в рамках ЕАЭС // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9, 2016. – С.116-121.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. [Электрондук ресурс] 2017-2021-жж. – Бишкек. 2022. Режим доступа: https://stat.kg/ – Загл. с экрана. (дата обращение 30.05.2024)
6. Шаршенова Г.А. Социальное предпринимательство как один из путей снижения уровня безработицы в КР // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №9, 2016. с.155-159.
7. Мектепке жана бала бакчага балдарды кабыл алуу боюнча маалыматтык тутум. [Электрондук ресурс] Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин порталы. Режим доступа:https://mektep.edu.gov.kg/statistics – Загл. с экрана. (дата обращение 31.05.2024)
8. Национальный статистический комитет. [Электрондук ресурс] 2019-2024-жж. – Бишкек. 2022. Режим доступа: https://stat.kg/ru/statistika-chujskoj-oblasti/ – Загл. с экрана. (кайрылуу датасы 03.06.2024)
9. Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын официалдуу сайты. [Электрондук ресурс]. Режим доступа: https://chui.gov.kg/documents/turizm/ – Загл. с экрана. (кайрылуу датасы 03.06.2024)
10. Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу туризм департаменти [Электрондук ресурс]. Discover Kyrgyzstan сайты. Режим доступа: https://www.discoverkyrgyzstan.org/ky/region/chui – Загл. с экрана. (кайрылуу датасы 03.06.2024).

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Алыкулова Г.К.**